Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана
Референдум өткөрүү боюнча борбордук
комиссиясына
Кадамжай районунун Көтөрмө айыл
өкмөтүнүн Ак-Кыя айылынын тургуну
Айдарова Майрамкандан

КР БОРБОРДУК
ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ
ЦЕНТРИЗБИРКОМ КР
Кириш / Входящий № А-191
22. 04 2021 ж/г

# Арыз

Менин арыз берүүмдүн себеби төмөнкүчө:

2021-жылдын 11-апрелиндеги жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо №8125 Кескен Таш шайлоо уачсткасында одно мыйзам бузуу менен өттү. Бир канча талапкерлер үгүт жүргүзүүнүн тартибин бузган. Бул боюнча Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясына арыз менен кайрылганмын *(арыздын көчүрмөсү тиркелет)*. Тилеке каршы АШК менин арызымды канааттандырган жок. Анткени мыйзам бузган талапкерлерди калкалоо менен алек болууда. Кадамжай АШКсы "Үгүт материалдарды 26-март күнү тиражы заказы жок болгондуктан алдырып салганбыз" жообу жалган жана караандай калп. Үгүт материалдары 11-апрель шайлоо күнү да шайлоо участкасынын мандайында илинип тургандыгы видео жана сүрөттөргө тартып алынган. Шайлоо участканын ичинде талапкер Мустафакулова Патила ФАПта мед айым болуп иштегендиктен, участканын ичинде шайлоо процесси жүрүп жаткан учурда ак халатын кийип алып 3-4 саат үгүт ишин жүргүзгөн. Аны көргөн күбөлөр жана алардын күбөлүк аудио материалдары бар. Талапкер Саламов Азизбек зам өкмөт ал дагы ошол жерде 2 саат үгүт ишин жүргүзгөн.

Мен шайланган талапкерлерге каршы эмесмин, бирок шайлоо таза өтүүсү керек болчу. Бул мыйзам талабы. Анткени Кадамжай АШКсы ушул терс көрүнүштөрдү мыйзамдуу жолго салуунун ордуна, мыйзам бузгандарды калкалоо менен алек болууда. Экинчи жагынан Көтөрмө айыл өкмөтүнүн башчысы Махмуд Токторов айыл өкмөтү иш ордунда калуу максатында мектептин мугалимдерин жана туугандарын депутаттыкка талапкер кылып койдурган.

АШКнын Кадамжай, Кызыл-Кыя аймагы боюнча жетекчиси Тайкара Арыков Махмуд Токторов менен армейский дос болсо жалган айтып, коргоо жолу менен эмес, чындыкка тике карап дос болсо абийир болмок.

Кыргыз Республикасынын Жергиликтүү Кеңешинин депутаттарын шайлоо боюнча мыйзамынын 42,43-статьясынын негизинде мыйзамдуу чечип берүүңүздү суранамын*(катка диск кошулуп жөнөтүлөт)*.

Сизди урматтоо менен

Арыз ээси: Айдарова М.

22.04.2021-жыл.

Кадамжай аймактык
Шайлоо комиссиясынын торо агасы
Омурзаков Тилек Рахманалиевичке.
Айдарова Майрамкандан

**Арыз**

Менин арыз жазуумдун себеби төмөнкүчө:

Мен №8125 шайлоо участкасынын талапкери Айдарова Майрамкан. Мен үчүн шайлоо мыйзамсыз болду. Мисалы:

1. Талапкер Мустафакулова Патила Турдубаевна шайлоо урнасынын жанында 3-4 саат 19-номерге салгыла деп отурду. Комиссиянын төрө айымы көрүп туруп унчуккан жок. Кийин талапкерлер айтып туруп чыгарышты. Шайлоо комиссиялары күбө.
2. Талапкерлер шайлоо убагында үгүт жүргүзүүнүн тартиби бузулган. Арызга тиркелген сүрөттөгү үгүт плакаттарында Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештерди шайлоо жөнүндөгү 2011-жылдын 14-июнундагы №98 мыйзамы жана Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясынын 2017-жылдын 14-июнундагы номер 153, 8.2 беренеси одоно бузулган.
3. Талапкерлер өз аймагына талапкер көрсөтүлбөй башка аймакка талапкер көрсөтүлгөн. Бул жерде айыл өкмөттүн кландык башкаруу системасын орнотуу болгон. Молдо Нияз мектебинин мугалимдердин балдары талапкер болду. Мисалы:
   - 8125 шайлоо уачсткасына талапкер Патталова Асел Абдыкаримовна учёту 8123 участкасында жайгашкан.

Жогорудагы көрсөтүлгөн көрүнүш шайлоо принциптерин одоно бузгандыгын билдирет. Анткени талапкерлер өзү шайлай алган участкадан талапкер болууга тийиш. Мандатты бөлүштүрүүдө ошол элдин санына жараша шайлоочу жана шайланууучу укуктары берилген. (өзүңдүн учаскандан болбогон башка учасканы талап керине добуш бере албайсын ).

Жогорудагы көрсөтүлгөн мыйзам бузуу фактылары боюнча талапкерлерди тизмеден четтетүүнү жана арызыма жазуу түрүндө жооп берүүнүздөрдү өтүнөм.

**Арыз ээси:**
**13.04.2021-жыл.**

**Айдарова М.**
**0777 549195**
**0702 234974**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БОРБОРДУК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫНЫН КАДАМЖАЙ АЙМАКТЫК ШАЙЛОО КОМИССИЯСЫ

ЦЕНТРАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ КАДАМЖАЙСКАЯ ТЕРРИТОРИАЛЬНАЯ ИЗБИРАТЕЛЬНАЯ КОМИССИЯ

Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясынын

№ 30 - Чечими

Кадамжай шаары

2021-жылдын 15-апрели

Баткен облусунун ,Котормо айылынын тургуну Айдарова Майрамкандын жазган арызы жонундо.

Угулду: Кадамжай АШКнын торагасы Омурзаков Т. Билдируусу,ал оз созундо Айдарова Майрамкан, Котормо айылдык кенешине депутаттыкка талапкерлер Патталова Асел Абдыкаримовна № 8125 шайлоо округунан , Нурдинова Айсалкын Токтоматовна № 8125 шайлоо округунан, Мустафакулова Патила Турдубаевна № 8125 шайлоо округунан алардын устунон арыз жазылган.Патталова А.А боюнча ал озунун суротун power point программасы менен жасап ватсап аркылуу туугандарына 40 даана жоноткон . Бирок АШКга бир жумадаан кийин Айдарованын арызына чейин башка талапкерлерден кабар келгенде эскертуу берилип алынып салынган,

2. Нурдинова Айсалкын Токтоматовна 2 жерге озунун суроту чыгарылган банерин илген.бирок 26 март куну АШКга билдируу тушкондон кийин барып текшерилгенде банердин астында тиражы жана заказчиги жок болуп чыккандыктан эскертуу берилип ошол эле куну алдырып салынган,

3. мустафакулова патила УБДТ ФАП № 19 мед айым болуп иштейт. Пандемияга каршы шайлоо округдарына мед.айымдардын жетишсиздигинен № 8125 шайлоо округунда мед айымдардын кызматын аткарууга киришкенде УШКнын торагасы талапкерге мумкун эмес деп тушундурмо берип жонотуп жибергендиги аныкталды.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде, Кыргыз Республикасынын шайлоо комиссиялары жөнүндө" Мыйзамынын 20-беренеси боюнча , Кадамжай аймактык шайлоо комиссиясы

**Чечим кылат:**

1. **Арызданууучу Айдарова Майрамкандын арыз дооматынын фактылары дал келбегендигине байланыштуу канааттандыруудан баш тартылсын.**
2. **Чечимдин кочурмолорун БШКна жана арыз ээлерине жонотуу жагы катчы Б.Абжапаровага тапшырылсын.**

Торага: Омурзаков Т.

Катчы: Абжапарова Б.